# Аллахка эң сүйүктүү төрт сөз: Субханаллах, Алхамдулиллах, Лаа илааха иллаллах жана Аллаху Акбар. Булардын кайсы биринен баштасаң да зыяны жок

Самура бин Жундуб, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Аллахка эң сүйүктүү төрт сөз: Субханаллах, Алхамдулиллах, Лаа илааха иллаллах жана Аллаху Акбар. Булардын кайсы биринен баштасаң да зыяны жок».
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Аллах Таалага эң сүйүктүү сөздөр төртөө экенин баяндап жатат. Субханаллах: Аллах Тааланы бардык кемчиликтен арууллоону түшүндүрөт. Алхамдулиллах: Аллах Тааланы жакшы көрүү жана Аны улуулоо менен Анын толук, кемчиликсиз экенин сыпаттоо. Лаа илааха Иллаллах: Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Аллаху Акбар: Бардык нерседен эң урматтуу, эң улуу жана эң кадырлуу. Бул сөздөрдүн пазилетин жана сообун алуу үчүн аларды тартиби менен айтуу талап кылынбайт.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee